
Токтосун НУРМАТОВ

# КУЛАТ УУЛУ ТӨРӨБАЙ





«Апшыр-Сай» чайханасы — жумушчулардын сүйгөн жайы.

**Токтосун НУРМАТОВ**

Чыныгы инсан, калк кадырлаган адам Төрөбай Кулат уулунун туулган күнүнүн 85 жылдыгына

# КУЛАТ УУЛУ ТӨРӨБАЙ

**(эскермелер, поэма, ырлар)**

„Жазуучу" чакан ишканасы
ОШ—1993

Токтосун Нурматов 1937-жылы Ноокат ооданындагы Жал айылында туулуп өскөн. Орто мектепти бүткөн соң шахтада көмүр казган. Анан жогорку билимге ээ болгон.

Балдар акыны Т. Нурматов көп жылдардын кыйырында жаш жеткинчектердин ички дүйнөсүн аңтарып келет. «Бийчи чайнек», «Бала кыялы», «Күндүн баласы» аттуу жыйнактардын автору. Жазуучулар Бирлигинин мүчөсү. Бир топ жылдан бери мектеп деректири болуп иштеп келе жатат.

Мына эми ал өзүнүн атактуу жердеши Кулат уулу Төрөбай жөнүндө китеп жазыптыр. Ага окурмандар окуган соң өз баасын бергейдир.

**Токтосун НУРМАТОВ.**

**КУЛАТ уулу ТӨРӨБАЙ** Кулактандыруусуз

Кыргыз Жумуриятынын жазуучулар Бирлигинин Ош дубандык бөлүмүнүн алдындагы «Жазуучу» чакан ишканасы.

# ТҮБӨЛҮККӨ КАЛГАН ЫСЫМ

**Адам** баласынын тагдыры, өмүр жолу, жашоо таржымалы ар кыл болот тура. Адам өз өмүрүнүн чыйырында не деген оош кыйыш, өйдө-төмөнгө кез келип, турмуш элеги экчеп, кандай гана жагдайларга кабылбайт. Колдун беш манжасы бирдей болбогондой эле, бирөө эл башкарса, экинчиси мал багып, эгин өстүрүп, дегинкиси ар ким маңдайына жазылган жазмыштын ырыскысы менен турмуш кечирип, өмүр сүрөт. Бирок, ал түбөлүккө жашай албайт. Алла-Таала берген өмүрдү жашап, бир күнү жалп этип өчкөн чырактай көздөн кайым болот. Айрымдары агып келип, кумга сиңип жок болгон суу сыңары белгисиз дымыйт да калат. Ал эми айрымдары талбаган күжүрмөн эмгеги, нускалуу. жүрүш-турушу, накыл кептери менен элге таанылат. Андайлар көзү өтүп кетсе да, жумурай журттун зээнинде түбөлүккө сакталып калат. Ошондой инсандардын ысымдары муундан муунга өтүп, кылымдан кылымга аттап, санжырага айланат. Мындай адамдар кыргыз журтчулугунун ар бир айылынан табылат десек жаңылыштык болбос. Элде мындай кишилерди өмүрү өрнөк адамдар деп аташат. Өмүрү, жасаган иши санжырага айланган адамдар биздин айылыбызда да бар. Биз алар менен ар дайым сыймыктанабыз. Менин айылымдагы ошондой кишилердин бири —Кулат уулу Төрөбай. Атпай кыргыз журтунда Кулат уулу Төрөбайды ким билбейт!

Кызыл-Кыя шаарынын чыгышынан тартып көрктүү да, кооз да, ажайып да Апшыр - Атага чейин 40—50 чакырымдай аралыкты ээлеген, түндүк тарабынан жылаңач боз адырлар, түштүгүнөн бетинде арчалар, бадалдар жайнап өскөн Гевзан тоосу курчап турган, кадимки эле көк деңиздин үстүндө сүзүп барат кан кемени элестеткен аймак— Жал өрөөнү. Бул өрөөндө Ичке-Суу, Челекчи, Беш-Буркан, Семиз-Көл, Баглан, Таш-Булак, Кызыл-Булак, Арык-Тейит, Ак-Чал, Чоко, Кош-Дөбө, Кереге-Таш, Кожо-Арык жана Апшыр-Сай аттуу калк жыш отурукташкан, дүпүйгөн бак-дарактарга чүмкөлгөн саябандуу ондогон айылдар жайгашкан. Аталган айылдардын бири Кызыл-Булак

та мамлекеттик ишмер Кулат уулу Төрөбай кедей дыйкандын үй-бүлөсүндө 1908-жылы жарык дүйнөгө келген.

Ата-энесинен эрте ажыраган Төрөбай көрүнгөндүн колунда эптеп жанын багып өлбостүн күнүн көрүп жүрдү. Тогуз жашынан баштап ар кимдин малын бакты. Буурсун менен жер айдап, кара курсактын айынан колунда барларга жалданып иштеди. Жылаңаяк мал артында жүрүп, буттарын чөңөр тилип, чор басып, не азапты көрбөдү. Жайдын мээ кайнаткан ысыгына, кыштын ызгаардуу суугуна чыдады. Баарына бардаш кылды.

Октобур төңкөрүшүнөн бир жыл мурда кара шамал деген балаа чыгып, өрөөндө ачарчылык алааматы башталат. Айдалган эгиндер өнүп чыкпайт. Дарактар мөмө байлабайт. Кара шамал күнү-түнү тынымсыз согуп жердин кыртышы катат. Асмандан тып эткен тамчы тамбайт. Адамдар ак менен гана азыктанып күн көрүшөт. Эркектер аштык издешип, ар кайсы тарапка тентип кетишет. Айрым үй-бүлөлөр Өзбекстандын коңшулаш айылдарына көчүп кетишип, жан сакташат. Кулат уулу Төрөбайдын айылдаштары «Төрөбай аке ушул алаамат жыл тууралында көп аңгеме курчу» деп айтышат.

Мезгил деген мезгил да! Аны токтотуу эч кимдин колунан келбейт эмеспи! Жыл артынан жыл өтүп, ай артынан ай өтүп, кечээги эле чыт курсак Төрөбай эрезеге жетет. Өз алдынча турмуш жолуна түшүүгө далалаттанат. Өзүнө ылайыктуу жумуш табууну көксөйт да, бир тууган агасы Атабек менен акылдашат. Анан танапташ турган Кызыл -Кыя шаарына барат. Ал мезгилде Кызыл-Кыя шаары эми гана түптөлүп, бирин-экин кабат үйлөр курулуп, жолдор түздөлүп жаткан болчу. Шахтерлор там үйлөрдө жашашчу. Ал эми шахталардын ичинен бир гана «Жал» шахтасы толук кубаттуулукта ишке киргизилип, эл чарбасына «кара алтынын» бере баштаган. Бул шахтаны кенчилер «семиздин кени» деп аташчу. Анткени, анын ачылышына, толук ишке киргизилишине бир сөөлөттүү, семиз, ноча киши өз салымын кошуп, анда бир топ жыл бою жетекчилик кылган экен. Адамдар ал кишини алкка салыштырып, анын абдан ноча турпатына суктанышчу экен. Ошондон улам бул шахтада иштегендерден «кайда иштейсиң?» деп сурашса, алар «семиздин кениндемин» деп жооп беришчү экен. Ошентип, улам убакыт өткөн сайын шахтада жергиликтүү улуттун өкүлдөрүнүн саны көбөйө берет.

Төрөбай эң оболу тар колеялуу темир жолунда оңдоочу болуп ишке орношот. Ал учурда азыркыдай алп паровоздор кайда! «Кукушка» деген чакан паровоз боло турган. Ал эки тонна гана көмүр баткан вагонеткалардын составын чиркеп алып, өнөр жай ишканаларына тартып барчу. Ошентип, ал 1926-жылдан 1933-жылга дейре көмүрчүлөрдүн шаарындагы темир жолдорду курууга активдүү катышат. Ал эми 1933-жылдын башынан тартып «Жал» шахтасына — «семиздин кенине» забойчу болуп которулат. Көп өтпөй ага шахта комитетинин төрагасынын милдетин аткаруу жүктөлөт. Албетте, ал буга чейин башкалардай эле сабатын жоюп, гезит жана китеп окуп калган эле.

Жер үстүндөй эле жер асты да өзүнчө бир аалам. Кап-караңгы аалам. Көзгө сайса көрүнгүс. Маңдайда байланган жарык болбосо, көзү ачык сокурсуң. Жарыкты өчүрүп, кулак түрсөң ар кандай дабыштар угулат: тынымсыз шатыраган таракандар, качыр-кучур эткен үндөр. Дагы бир кызыгы — жер астында жашаган чычкандарга таң каласың. Алар кантип жашайт болду экен? Алар жер үстүндөгү чычкандардын өңү-түсү жагынан бир кыйла айырмаланат. Забойчу Төрөбайдын ошолорго боору ооруйт. Же жетим өскөндөр боорукер келишеби? Ал өзүнүн жанындагы азыгынан кичинеден үзүп, тоо тектеринин коңулдарына коёт. Жаратылыштын татаал, табышмактуу сырларына кыял чабыттатат. Тула боюн солкулдаткан бургусун карылуу колдору менен бек кармап, көмүрдүн катмарын уратат. Маңдайынан аккан мончоктой терди капкара шадылуу манжалары менен сыдырат. Тынбай иштейт. Норманы ашыра аткарууга тырышат. Чогуу иштеген жолдошторун «көмүрдү каза берип, каза берип, өзүмдүн айылымдагы Туура-Кырдын как капталынан көзөп чыгам» деп тамашалап күлдүрөт. Кара жумуш менен карч урушуп, жуурулушуп жетилген Төрөбай 1934-жылы шаардык көмүрчүлөр бирлигинин шахта комитетинин төрагалыгына дайындалат

Адам канчалык билген сайын дагы да көптү билгиси келет эмеспи. Гезит, китеп окуунун кызыгына түшкөн, анын үстүнө төрагалыкка дайындалган Төрөбай өз билимин жогорулатууну көздөйт. 1936-жылы Ош дубандык партиялык мектепке кирет. Анда Маркстын, Лениндин чыгармалары менен таанышат. Убакытты текке кетирбей тырышып окуйт. Кызыл үйлөрдөн гезиттердин тиркемелерин үзгүлтүксүз окуп турат. А й р ы к ч а, к ө р к ө м ч ы г а р м а г а ышкысы артат. Ошол учурда чыккан «Э р Т а б ы л д ы» э п о с у н берилип окуп, түнү аны жазданып жатат. Эпостун мазмунун башкаларга айтып бергенине өзү чексиз маашырланат. Ошентип, ал партиялык мектепти ийгиликтүү бүтүрөт. Анан өзү иштеген «Жал» шахтасына партиялык уюмдун катчылыгына жиберилет. Бул кызматта иштеп жүргөн мезгилинде Төрөбай Кулат уулунун адамдар менен иштөө шыгы артып, саясый аң-се-

зими, коомго болгон көз карашы түп- тамырынан бери өзгөрүлөт. Эл менен иштөөдө, жетекчилик кылууда жөндөмдүүлүгү жогорулай берет. Натыйжада 1938-жылы ал Кызыл-Кыя шаардык Кеңешинин аткаруу комитетинин төрагасынын орун басарлыгына жана «Кыргыз көмүр» трестинин башчысынын орун басарлыгына көтөрүлөт. Бул кызматтарды так жана таамай аткарат. Ал эми арадан бир жыл өтүп-өтпөй Кыргыз ССР эл комиссариаттар Кеңешинин төрагалык кызматына дайындалат.

Бул кызмат андан күнү-түнү дебей белсенип иштөөнү, чоң жоопкерчиликти талап кылат. Ал бул милдетти өжөрлүк менен аткарат. Андан соң үч жыл өтүп-өтпөй алаамат согуш башталат. Батыш жакта жер өрттөнүп, асман алоолонот. Элдин башына оор мүшкүл түшөт. Кыргызстандын кайсы жерине барбагын, кайгы менен ачкачылык кездешет. Каңырыгың түтөйт. Мунун баары кандуу согуштун кара чүмбөтү экендиги кимге болсун да түшүнүктүү эле. Ушундай кыйын кезеңде Кулат уулу Төрөбай ыйлаганды сооротуп, ач калганды тойгузуп, күндү күн дебей, түндү түн дебей, элибиздин оорун колдон, жеңил жерден алышып, каармандарча иштеп жүрдү. Ооруктагы эмгекчилерди күжүрмөн эмгекке үндөдү жана шыктандырды.

...Акырында фашисттик баскынчылардын бели сынып, каргашалуу кандуу согуш жеңиш менен аяктады. Жергебизге бейпилдик келди. Бүлүнгөн эл чарбасын калыбына келтирүү иштери кызуу жүрүп жатты. Ал эми 1945-жылдын ноябрь айы Кулат уулу Төрөбай үчүн унутулгус ай болуп калды. Анткени, ал Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагалыгына шайланды. Бул жоопту кызматта ошол жылдан тартып 1973-жылдын август айына чейин үзүрлүү иштеп, ардактуу эс алууга чыкты. Ушунчалык узак убакыттын ичинде ал КПСС Борбордук Комитетинин алдындагы жогорку партиялык мектепти бүтүрдү. 1946—1978-жылдардын аралыгында СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагасынын орун басары болгон. Ал эми КПССтин 18, 20, 21, 25 съезддерине делегат, ошол эле съезддерде КПСС Борбордук Комитетинин текшерүү комиссиясынын мүчөсү болуп шайланган. Мындан тышкары СССР жана Кыргыз ССР Жогорку Кеңештеринин (I—IX шайланышынын) депутаты болгон. 1938-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин Кыргызстан Коммунисттик партиясынын Борбордук Комитетинин мүчөсү жана анын бюро мүчөсү болуп келген. Ошондой эле Кулат уулу Төрөбайдын көп жылдык каарман эмгегине жогорку баа берилип, ал ушул жылдардын ичинде беш Ленин, Октябрь революциясы ордендери, булардан башка төрт орден жана медал менен сыйланган.



Элибиздин изги адамдары кумдун арасынан жаркырап көрүнгөн алтынга тете. Мына ушундай адамдардын бири —ысымы элдин зээнинде түбөлүккө сакталып калган Кулат уулу Төрөбай.

Эми Кулат уулу Төрөбайдын балдары жана урпактары туурасында да азыноолак айта кетели. Ал өмүрлүк жубайы Салма эже менен эки уул, эки кызды тарбиялап өстүрдү. Чоң уулу Узак Казак Жумуриятынын борбору Алма-Атадагы жылуулук электр борборунда көп жылдан бери баш инженер болуп иштеп келе жатат. Анын уулу же Кулат уулу Төрөбайдын небереси Назым чоң атасы туулуп-өскөн айылда байланыш тармагында эмгектенет. Ал эми Марат деген небереси Жумуриятыбыздын ордосу Бишкектеги Кыргыз Мамлекеттик Университетинин юридика факультетинин үчүнчү курсунда окуп жатат. Кенже уулу Эркин Россия Федерациясынын ордосу Москвада экономика институтунда кызмат кылууда. Математика илиминин кандидаты. Азыркы учурда ал жапан илимпоздору менен биргеликте илимий изилдөө жүргүзүп, доктордук диссертациянын үстүндө иштөөдө. Улуу кызы Саадат Кыргыз Жумуриятынын өнөр жай министрлигинин кадрлар бөлүмүнүн начальниги болуп эмгектенүүдө. Ыңгайсыз болсо да айта кетели: анын жолдошу —Кыргыз Жумуриятынын маданият министри Д. Назармат уулу. Ал эми кичүү кызы Анара Россия Федерациясынын ордосу Москвада элчиликте англис тили боюнча котормочу болуп иштейт.

Дагы бир айта кетүүчү сөз —Кулат уулу Төрөбайдын көп жылдык эмгегине жогорку баа берилип, анын ысмын түбөлүккө калтыруу үчүн ал туулуп- өскөн айылдык Кеңеш, чарба, бир орто мектеп, «Апшыр» көмүр разрези, айылдык спорт комплекси Төрөбай Кулатов атындагы деп аталган. Мындан тышкары анын ысмы өзү жүгүрүп ойногон чоң көчөгө, Кызыл- Кыя шаарындагы «Тынчтык» көчөсүнө жана Бишкектеги көчөлөрдүн бирине коюлган.

Ошентип, өмүр бою өз Мекени, өз эли үчүн кажыбас- кайрат туулук менен эмгектенген Кулат уулу Төрөбайдын ысмы түбөлүккө калтырылды.

## АКСАКАЛДЫН АТЫ КОЮЛГАН ЧАРБАДА

Кыргыз журтчулугуна аттын кашкасындай таанымал Кулат уулу Төрөбайдын ысмын түбөлүккө калтыруу максатында анын айылдаштары «Жал» совхозуна аксакалдын атын коюу жөнүндө Кыргыз Жумуриятынын өкмөтүнө кайрылышкан. Эл-

дин талабы канааттандырылып, «Жал» совхозу Т. Кулатов атындагы чарба деп аталган. Бул чарбаны Жал өрөөнүнүн кулуну жаш адис-экономист Мамашарип Турдукулов башкарат. Совхоздун кесиптик бирлик комитетин ушул жердик жогорку билимдүү Калык Жуманбаев жетектейт. Ал эми Акунбай Жээнбеков менен Арыналы Абдыразаков деректирдин орун басары болуп эмгектенишет. Мындан тышкары Нажи Сайпидинов баш агроном, Иляз Кадыров баш инженер, Эшан Жолдошбаев баш бухгалтер, Мойдун Сайфутдинов баш зоотехник болуп иштешет. Булардын баары жогорку билимдүү. Алар чарбаны экономикалык жактан өстүрүүдө негизги ролду ойношот, б. а. чарбанын тагдыры жана келечеги ушулардын колунда турат. Бул маселени алар ийги түшүнүшөт.

Эми Т. Кулатов атындагы совхоздун күжүрмөн эмгекчилеринин жүргүзүп жаткан иштери, экономикалык, социалдык жана маданий абалы жагдайында кеп кыла кетели. 1992-жылдын башында совхоздо элдик жыйын болуп өттү. Анда совхоздун тагдырын чечүү маселеси коюлду. Анткени, бир катар чарбалар кооперативге, дыйкан чарбасына жана фермердикке бөлүнүп жаткандыгы маалым болучу. Жыйында эл «бөлүнгөндү бөрү жейт»! деген накыл сөздү айныксыз туура деп табышып, кыйлага дейре созулган талкуудан соң «очор-бачар орозгерди, курулуу дүкөндү бузбайбыз, совхозубуз совхоз бойдон калсын, анын үстүнө чарбабызга жердешибиз Төрөбай аксакалдын ысмын бердик» деген тыянакка келишти. Ошентип, чарба айрым чарбалардагыдай бөлүнүп жарылбады. Азыркы учурда чарбанын эмгекчилери мурдагыдай эле калыбында туруктуу иштеп жатат. Дыйкан, малчы, ижарачылардын саны күн санап өсүүдө. Мындан ынтымактуулуктун, биримдүүлүктүн данакерлигине толук ынанасың.

Кайра куруу, **базар мамилесине өтүү, калкты азык-түлүк жана эл керектөөчү товарлар менен** камсыз кылууда тартыштык, жетишпестик жана кыйынчылыктар күч алып турган учур. Ошондуктан,мындай кыйын кезеңде Т. Кулатов атындагы совхоздун акимияты, кесиптик бирлик комитети жумурай журттун жашоодогу муктаждыктарына бел, арка болуу жана калк таламдарын канааттандыруу максатында ишенимдүү кадам жасашып, экономикалык татаал саясаттын жагдайларын көңүл чордонунда тутуу менен план ченемдүү иш жүргүзүп жатышат. Мында бөтөнчө белгилей кетүүчү нерсе —элди нан менен камсыз кылуу маселесин чарба биротоло өз колуна алган.

Жумушчулардын конференциясында макулдашылгандай, чарба негизинен дан, тамеки өстүрүүгө жана кой чарбасын




өнүктүрүүгө багыт алган. Бардык өндүрүштүк бөлүкчөлөр толук чарбалык эсеп, ижаралык ыкма боюнча иштейт. Коомдук мал үчүн тоют балансасындагы жем негизинен жүгөрү данынан даярдалат. Жүгөрүчүлүк боюнча дасыккан бригадир Турдубай Алайчиев жетектеген бригада көп жылдардан бери мол жана туруктуу түшүм алууну камсыз кылып келе жатат.

Совхоздун жалпы кирешесинин 80 пайызынан ашыгыраагы тамекичиликтен алынат. Бул тармакта Дүйшө Сабыров, Каныбек Даминов, Турат Бөйдөнов, Турсунбай Ашимов жана Рысбай Камаловдор башкарган бригадалардын тамекичилеринин жараткан ийгиликтери мактоого арзыйт. Тамекичиликте эмгек тенишкен дыйкандарга иштеп тапкан акчалай кирешелеринин 50 пайызы төлөнүп берилет. Чарбада бир гана жылкычылыктан башкасы кирешелүү тармакка айланган. 1991-жылы совхоз алты миллион 550 миң сом таза киреше алып, рентабелдүүлүк 39 пайызды түзгөн. Мындан чарба өзүн-өзү каржылоонун шартында толугу менен иштөөгө мүмкүнчүлүгү бар экендиги айдан- ачык көрүнүп турат. Ижаралык жамааттар менен өз ара келишимдер түзүлүп, алардын эки тараптан тең так аткарылышына принциптүү талап коюлуп, көзөмөлдөөгө алуу жоопкерчилиги жогорулатылган.

Кыргыз Жумуриятынын президентинин указына ылайык чабандарга жагдайлуу шарттарды түзүп берүү ырааттуулук менен турмушка ашырылууда. Азыр бир жылда ар бир чабанга 48 күндүк эмгек отпускесин берүү колдонулуп жатат. Мындан тышкары курорт, санаторий, пансионаттарга акысыз жолдомолор менен дем алып келүүгө жөнөтүү практикаланууда. Чаалыкпас чабандарды отун, жарык менен камсыз кылуу чарбанын эсебинен акысыз жүргүзүлөт. Жаш чабандардын үй- бүлөсүнө ар тараптан кам көрүүгө көңүл бурулган. Мындай чабандардан Ж. Имаров, К. Жусупов, А. Алыбаевдерге түбөлүккө жашоо үчүн бардык шарты бар турак жай акысыз берилип, алар кубануу менен көчүп киришти. Мындай демилге, жөрөлгө дайыма колго алынмакчы.

Калктын ар кандай муктаждыктарын канааттандыруу максатында совхоздун акимияты менен кесиптик бирлик комитети элдүү аймактарда чакан ишканаларды курууну колго алышкан. Так айтканда кыш, асфальт, колбаса чыгаруучу цехтер курулуп бүтүп, пайдаланууга берилип, өндүрүмдүү иштеп жатат. Жакында дагы бир тамеки ферментациялооочу цех курулуп, ишке киргизилди. Мындай чакан ишканаларды куруу жана алардын эмгек өндүрүмдүүлүгүн жогорулатуу чарбанын планпрограммасынын негизги концепциясы болуп саналат. Ошондой



Эмгектин жана согуштун ардагерлери.






Ажыкулов Раимберди — чарбанын сүт-товар фермасынын башчысы, Турдукулов Мамашарип — чарбанын деректири.




Алайчиев Турдубай — чарбанын жүгөрүчүлүк боюнча бригадири, Турдалиева Сурма — көп жыл бою чабан болуп иштеген, азыр пенсияда, он бир баланы тарбиялаган.

эле мөмө-жемиштерди, жашылчаларды консервалоочу, нан бышыруучу цехтерди, жогорку кубаттуулуктагы тегирмендерди куруу пландаштырылып жатат.

Совхоздо бир катар эмгек ардагерлери бар. Алар көп жылдар бою кужүрмөндүүлүк менен эмгектенишип, ардактуу эс алууга чыгышкан. Алар: Бороон Нарматов, Зикирия Жусубалиев, Разак Дербишов, Жалал Ажыкулов, Мырзакерим Кудайбердиев, Ташбай Маматкулов, Тургун Атаханов, Ураим Гулматов, Эсеналы Саитов, Султан Мадумаров, Жээнбай Исаков, Таир Сыдыков, Акмат Дарбишов, Алибай Калмурзаев, Токтомат Каратаев, Ражап Турдуева, Катча Абдыразакова, Калык Рысов, Ырысбай Муратов, Сурма Турдалиева, Нурмат Маматкулов, Ашыр Мамазияев, Аслан Темирбердиев, жана башкалар.

Чарбанын калкын турмуш-тиричилик жактан тейлөөдө «Жоогазын» кийим тигүүчү чакан комбинаты темирден буюм жасоочу устакана, чач тарачкана, сыналгы жана үналгы оңдоочу, менчик жеңил автоунааларды оңдоочу устаканалар, эки жерде курулуш материалдарын сатуучу кампалар, он айылдык, үч эт сатуучу дүкөн, беш нан жабуучу навайкана, ун тартуучу эки суу, үч электр тегирмени, жети чайкана, төрт мончо учурдун талабына ылайык иштеп жатат. Ошондой эле айылдык жүргүнчүлөрдү тейлөө да күндөн- күнгө жакшырууда. Өрөөндү оодан дын борбору Эски-Ноокат, Кызыл-Кыя шаары менен байланыштырган Ноокат —Беш-Буркан, Ноокат —Кулатов, Кызыл-Кыя —Ынтымак, Кызыл-Кыя— Кулатов, Кызыл-Кыя —Беш-Буркан, Кызыл-Кыя —Кош-Дөбө жана Кызыл-Кыя —Кулуштан каттамдары боюнча автоунаалар жүрүп турат.

Элдин ден- соолугун чыңдоо багытында да купулга толорлук иштер жүзөгө ашырылган. Бул жагдайда 50 орундуу оорукана, 1 эмкана, 50 орундуу «Жал» санаторий-профилакторий, 40 орундуу «Апшыр-Ата» пансионаты, 8 фельдшердик- акушердик пункт жогорку жана атайын медициналык билими бар адистер менен камсыз болунган. Адистер күрдөөлдүү иштеп жатышат. 1991-жылы 332 жумушчу «Жал» санаторий профилакторийинде, «Апшыр-Ата» пансионатында көңүлдүү дем алышып, ден- соолугун чыңдашкан. Ошондой эле Кыргыз Жумуриятынын илимдер Академиясынын кардиология институту менен шарттуу түрдө түзүлгөн келишимдин негизинде 3230 киши атайын медициналык кароодон өткөрүлгөн. Дарылануугa өзгөчө муктаж болгон жүздөн ашуун адам Бишкек шаарында гы кардиология институтунда дабааланышкан. Чарбадагы 5 медициналык пунктка 5,5 миң участкалык ооруканага



87 миң сомдук жаңы эмеректер, диагностикалык аппараттар алынып берилген. Акчанын тартыштыгына карабастан медициналык имараттардын ремонт иштери да чарбанын жардамы менен жүргүзүлгөн.

Чарбада энеликти жана балалыкты коргоого жакшы көңүл бурулган. Талаачылыкта эмгектенишкен көп балалуу энелер да камкордукка алынган. Азыркы учурда 9 мөөсүмдүк 140 орундуу жыл бою иштөөчү балдар бакчалары иштейт. Бакчаларга тартылган эмгекчи энелердин балдары совхоз тарабынан сүт жана башка азыктар менен камсыз болунуп, атайын ажыратылган автоунаа менен бакчаларга жеткирилип турулат. Чарбада акыркы эсептөөлөргө караганда 147 баатыр эне бар. Аларга атайын көңүл бурулуп, балдарына төлөнүүчү пособиелер өз убагында берилет. Жыл сайын 8-март —аялдардын эл аралык күнү майрамы кесиптик бирлик комитети тарабынан салтанаттуу түрдө өткөрүлөт. Совхоздун клубунда сый тамак берилип, өздүк- көркөм чыгармачылык ийриминин өнөрпоздорунун концерттик программалары тартууланып, баатыр энелерге, эмгектин алдыңкы аялдарына белек-бечкектер тапшырылып турулат.

Эмгекчилердин балдарына терең билим, татыктуу тарбия берүү үчүн чарбанын аймагында 6 орто, 4 толук эмес орто мектеп бар. Т. Кулатов атындагы, Ленин атындагы жана Ж.Бөкөнбаев атындагы орто мектептер учур талап кылган техникалык каражаттар менен толук жабдылган. Алар стандарттуу мектептердин катарына кирет. 1991—1992-окуу жылында «Арык-Бою» жана Э. Эргешов атындагы толук эмес орто мектептер жаңыдан курулуп, Ленин атындагы жана Т. Кулатов атындагы орто мектептердин базасынан бөлүнүп чыгышты. Өрөөндөгү бардык мектептердин имараттары чарбанын гана эсебинен курулган десек жаңылыштык болбойт. Көмөкчү чарбаны өнүктүрүү үчүн ар бир мектепке совхоз атайын чечим чыгарып, ар бирине 3 гектарга чейин жер аянтын ажыратып берген. Натыйжада мектептер берилген жерлерде дан эгиндерин, пияз, картошка, жашылчаларды өстүрүп жатышат. Ал эми бир нече жылдан бери совхоздун акимияты менен кесиптик бирлик комитети бардык мектептердеги башталгыч сыныптардын окуучуларына, узартылган күнү бар тайпалардын тарбиялануучуларына ысык тамак үчүн акча ажыратып, мектептердин ашкана, буфеттерине өткөрүп берип турат. Чарбанын эмгекчилерине берилүүчү азыктардан мектептердин мугалимдерине жана балдар бакчаларынын тарбиячыларына да берилип турулат. Алыстан келип иштеген педагогдорго чарбанын карамагындагы турак

үйлөрдөн ыйгарылып, турак жай курам дегендерине жер участоктору бөлүнүп берилет.

Совхоздун түштүк тарабындагы Туура-Кырга чыгып, айылдарга көз чаптырсаң алаканга салгандай дапдаана көрүнөт. Эл жашаган үйлөрдүн баарынын чатырлары шифер менен жабылган. Айылдын көркүн адамдар чыгарат дегендей, өрөөндөгү жалпы элдин саны 18011 кишиге жетип, 2986 кожолуктан турат. Турмуш кечирип жаткан үй-бүлөлөрдүн 615инде жеңил автоунаа, 1695инде ар кыл маркадагы муздаткычтар, 2847 синде сыналгы, 2767синде үналгы жана 2396сында газ плиталары бар. Мына ушул эле сандардан Кулат уулу Төрөбайдын ысмына коюлган чарбанын тургундарынын социалдык абалы, жашоо шарты кандай экендигин таразалоого болот.

Ооба, тоо койнунан орун алган Т. Кулатов атындагы совхоздун келечеги алдыда. Мезгил өтүп, баары жаңырат. Кутман элдин колунан дагы канча албан ийгиликтер жаралат. Өрөөн дагы көркүнө чыгып, айылдаштарынын арасында Төрөбай аксакалдын элеси кылымдан кылымга өтүп жүрө берет.

## Кулат уулу Төрөбай жөнүндө айылдаштарынын эскерүүлөрү

**Бороон НАРМАТОВ —пенсионер, эмгек жана согуш ардагери.**

— Жашым сексенден ашты. Төрөбайды бала кезинен билем. Чогуу ойноочубуз. Туура -Кырдын төшүнө козу-улактарды бирге жайчуубуз. Төрөбай жашынан токтоо мүнөз эле. Биз козу-улактарды жайып, коюп, оюнга кызыгып калган учурда ал отунга деп куурай терчү. Заматта эле бир көтөрүм куурайды колтурамачтап, жип менен таңып койчу. Анан биз менен оюнга аралаша кетчү. Төрөбай бакубат да эле. Күрөшкөндө өзү теңдүү балдардын көбүн көтөрүп чапчу. Бирок, мактанганды, кыйынсынганды жек көрчү. Теңтуштары менен жакшы ымалада болчу.

Мен колхоздо иштеп жүрүп картайдым. Улуу Ата Мекендик согушка да катыштым. Колуман жарадар болуп, айылга кайттым. Экинчи тайпадагы майыптыгыма карабай, чарбанын активи болуп, узак жыл иштедим. Күндөрдүн биринде ооруга чалдыктым. Өзүбүздүн райондун врачтары ден-соолугумду текшерип чыгышып, Фрунзеге (Бишкек) жолдомо менен жөнөтүштү. Биринчи жолу барышым. Анда азыркыдай самолет кайда? Эки сотке дегенде поезд менен жеттим. Вокзалдан такси жалдап, айдоочуну «Кулатовдун үйүнө айда» дедим. Ал мени бир



карап алды да, бак -дарактарга чүмкөнгөн шаардын көчөсү менен зуулдап жөнөдү. Көп өтпөй эле Төрөбайдын үйүнө жетип бардык. Айдоочу жигит «Кулатовдун үйү ушул, аксакал» деп көрсөттү. Дарбазаны ачып башбаксам, бир милийса жигит туруптур. Ал мени көздөй басып келди да: «Сизге ким керек?» деп сурады. Мен ага «Кулатовдун досу болом, айылдан келдим» деп айттым. Милийса бир бөлмөгө кирип кетти да, бат эле кайра чыкты. Аңгыча Төрөбайдын жубайы Салма көрүндү. Ал жылуу-жумшак саламдашкандан соң үйүнө баштап кирди.

Күүгүм киргенде Төрөбай жумуштан келди. Мени менен кош колдой учурашкандан кийин эл-журт, тууган- тушкандар жөнүндө жайма-жай сурап отурду. Мен ага чөнтөгүмдөгү жолдомону көрсөттүм. Кагазды окуп көрдү да: «демек, оорупсуң да!» деди бир нерсеге өкүнгөндөй. Анан көпкө дейре сүйлөшүп отурдук өткөн- кеткенден.

Эртең менен эрте ойгондум. Ордуман туруп, кийинип бүткөнүмдө салам айта Төрөбай кирди да: «Мен жумушка барам, Бороон! Сен шашпай чай ич. Анан сени Салма врачтарга көрсөтөт. Жат десе, жаткын да, дарылан» деп жумушуна кетти. Арадан жарым саат өтпөй машинасын жөнөтүптүр. Мени Салма шаардагы ооруканага алып барды. Врачтар кароодон өткөргөн соң «жатасыз» дешти. Оорукананын баш врачы алыман кабар алып турду. Көрсө, Төрөбай ага телефон кагып койгон экен. А мен тез эле айыгып, айылга карай жол тарттым.

Ошондо Төрөбайдын адамгерчилигин, чыныгы теңтуш экендигин даана байкап, ичимен ыраазы болдум. Анын ошончо чоң кызматта иштеп туруп, биздин жылацайлак чогуу өскөн жылдарыбызды унутпаганына, чоңмун дебей теңтуш катары, айылдаш катары жылуу мамиле жасаганына абдан ыраазы болдум. Кайран гана киши, адамдын асылы эле...

**Калык РЫСОВ—эмгектин жана Улуу Ата Мекендик согуштун ардагери, Т. Кулатов атындагы айылдык Кеңештин депутаты, айылдык ардагерлер Кеңешинин төрагасы, дубандык ардагерлер Кеңешинин мүчөсү.**

— Мен узак жылдар бою партиялык, кеңештик жана чарбалык кызматтарда иштеп жүрүп, Төрөбай аксакал менен көп жолу чогуу болдум. 1959-жылдын октябрь айы болчу. Партиянын Ош дубандык комитетинин биринчи катчысы Медербек Абдыгулов, партиянын Үч-Коргон райкомунун биринчи катчысы Ысмайыл Бектемиров менен Төрөбай аке агасы Атабектин үйүндө болуп калышты. Ошондо биздин оодан пахта тапшыруу

планын дубанда биринчилерден болуп аткарып, Жумурияттын өтмө Кызыл Туусун жеңип алган эле. Ошол тууну оодандын эмгекчилерине тапшырууга Кулатов аксакал келген болчу. Мен коолхоздун башкармасынын төрагасы элем. Ошондон улам ал киши менен чогуу болууга туура келди. Дасторкон үстүндө Төрөбай аке: «Мына эми мен силердин чыныгы жердешиңермин деп сыймыктануу менен айтамын. Чоң, залкар ийги ликти жараткан элдин эмгегине айлансаң да аз. Бул жерде райкомдун катчысы жолдош Ысмайыл Бектемировдун уюштуруучулук жөндөмдүүлүгүн, ишмердүүлүгүн атайын белгилегим келет» деп ыраазылыгын билдирип, чечиле сүйлөп олтурду.

Андан соң коноктор короодогу бакты аралап, өткөн кеткендерден кеп коозгошуп, сейилдеп жүрүштү. Бир маалда Абдыгулов Төрөбай акеге кайрылып, «Төрөбай Кулатович, бала кезиңизде ойногон жерлерге жөө барып келсек кандай дейсиз?» деп калды эле, Төрөбай аке дароо эле «ойдогуну айттыңыз да, кеттик!» деп өзү алдыга түшүп, Туура-Кырды көздөй бет алдык. Улам өр тартып жогорулаган сайын айыл алаканга салгандай дапдаана көрүнүп турду.

Төрөбай аке дөбөнүн кылда чокусунда туруп, бизге балалыгы калган жерлерди колун жаңсай көрсөтүп атты. «Тиги маңдайыбыздагы дөңсөө Теке -Таш, аркы жылга Мистеалы, ал эми кырдын этегиндеги жылга Борду, тээ үстү Долоно-Булак деп аталат. Ушул жерлерде курдаштарым Мойдун, Бороон, Таабалды болуп, көк майсанда жылаңайлак чуркап, козу -улактарды кайтарчуубуз. Жондон ылдый таш кулатчуубуз шоктонуп» деп Төрөбай аке карс-карс күлүп алды.

Айрым убактарда айылга келип, мени чакырып алчу. Сөзсүз чарбадагы иштердин жүрүшүн, пландардын аткарылышын сурап билчү. Анан «менин келгенимди райондун чоңдору билбей эле калсын, алар мага жолугушам деп жумуштарынан алагды болушат, убакыт кымбат» деп эскерте турган. Анын айылда эки-үч күн болуп кеткенин эч ким билбей калчу. Чоңдор кийин угушуп, эмне үчүн бизге айтпайсыз деп мени катуу жемеге алышчу.

Фрунзеде советтик партиялык мектепте окуп жүргөнүмдө Төрөбай акенин үйүнө бат-бат барып турчумун. Кээде барбай калсам, издетип табаар эле. Ошондон улам жок дегенде айына эки жолу жолугушуп турчумун. Анын үйүндө Анна Трофимовна деген улгайып калган үй кызматчысы бар эле. Төрөбай аке ага: «Анна Трофимовна, урматтуум, сизден көптөн көп өтүнөм, балдарды нанды барктоого тарбиялоого көңүл буруңуз! Нан-



дын күкүмдөрүн тебелеп-тепшеспесин, сизден суранам!» деп айтканын көп ирет уккамын.

Ошол убакта Төрөбай акеге орус тилин үйрөтүп жүргөн филология илимдеринин кандидаты Илья Николаевна Бажинанын айткан сөзү эсимде: «Мага Төрөбай Кулатовичтин адамгерчилиги, тартиптүүлүгү абдан жагат. Эгер окууну кечки саат алтыга белгилесем, ал он-он беш мүнөт мурда келип, мени күтүп отурат. Мен киргенде мектеп окуучусундай ордунан туруп, утурлай басып, кол алышып, саламдашчу. Мен ал кишинин кабинетине барып эле сабак берейин десем, такыр макул болчу эмес. Билим алган киши мугалимге өзү келет дечү».

1965-жылы жайында отпускеге чыгып, кыргыз жергесинин бермети Ысык-Көлдү көрүү үчүн сапарга аттандым. Мени менен айылдаштарым Гамбар Исмаилов, Камчы Нурманов чогуу жөнөштү. Самолетто учуп, түшкө жуук Фрунзеге жетип бардык. Шаарды аралай Дзержинский гүлбагында бара жатып, капысынан Төрөбай акенин жубайына жолугуп калдык. Учурашып сурашкандан соң биз мейманканага бардык да, эптеп-септеп орун алып жайгаштык. Кечке жуук дем алып отурсак, Төрөбай акенин жардамчысы Кыдык Байгазиев үстүбүзгө кирип келди. Ал мени эртең аксакал күндүзгү саат бирге чакыргандыгы жөнүндө айтты. Эртеси өз убагында барсам, Төрөбай аке дароо эле кабыл алды. Элди, тууган- туушкандарды, агасы Атабектин ден-соолугун, ал- абалын сурап, Фрунзеге эмнеге келгендигибизге кызыкты. Мен Ысык-Көлгө дем алганы бараткан дыгыбызды айттым. «Унааңар барбы?» деп сурады. Жок экен дигин билдирдим эле, дароо Чокоев деген кызматкерин чакырып, бизди Ысык-Көлгө жеткирип коюу үчүн машина таап берүүнү тапшырды. Анан ага: «менин эсебимден квитанция жаздырып келиңиз, да, бу жигитке берип коюңуз» деп мени көрсөттү.

Төрөбай аке отпускеге чыкканда айылга келип, бир топ күн туруп кетчү. Күндөрдүн биринде мен да аксакалды зайыбы менен үйүмө конокко таклиб эттим. Бир аз унчукпай турду да, анан мага өтүнгөндөй кайрылды: «Калык, Кызыл-Кыядагы Абдыразак Чалакеевди тааныйсыңбы? Ошону алдырбайсыңбы! Сүйлөшүп олтуралы» деди. Абдыразак аке анын шахтада чогуу иштеген досу экен. Ал келгенден кийин аңгеме дүкөн- дароо эле кызып кетти.

Сөз арасында Абдыразак аке айтып өттү.

— Төрөбай экөөбүз 4—4-бис шахтасында иштеп калдык. Забойдо кызуу иштеп атканбыз. Бир оокумда шыптан көмүр түшүп, күп деп Төрөбайдын далысына тийсе болобу. Айлам ку-

руп, эси оогон досумду боз атка чегилген кичинекей вагонеткага салып, жер үстүнө алып чыктым. Он күндөн ашыгыраак оорукана да жатып, айыгып кетти. —Ал ушинтип айтса, Төрөбай аке башын ийкеңдетип күлдү. Экөө шахтада иштеген учурларын, жаштык чактарын эске салышты. Аябай көңүлдүү отурдук.

Төрөбай аке республикадагы Чоң-Чүй, Отуз-Адыр каналдарынын казылышы, Ош—Фрунзе жолунун курулушунун башталышы жөнүндө өтө кызык да, эсте каларлык да аңгеме куруп берди. Айрыкча, жол курулушунда иштеген маркум Зууракан Кайназарова эженин кайратман эмгегин баса белгиледи. Ал кишинин кайратына, иштермандыгына өзгөчө токтолгондугу эмдигиче жадымдан кетпейт.

Аксакал балдарын эмгекке тарбиялоого да көңүл бурчу. Бир жолу Узак деген уулун айылга алып келди. Атайын мага дайындап тапшырды. Мен аксакалдын айтканын эки кылбай, Узакты бир ай бою тамекинин катар аралыгын атка чегилген тырмооч менен жумшартууда иштеттим. Бала талаа жумушуна бат эле көнүп, өз алдынча иштегенге үйрөндү. Кийин Төрөбай аке ыракмат айтты.

Мындан тышкары Төрөбай аке Фрунзе —Балыкчы темир жолун курууну баштоого каражат сурап Молотовго, Сталинге баргандыгын, Молотов каршы чыгып, Сталиндин колдогондугун көп сөз кылаар эле.

Ооба, аксакал жөнүндө айта берсе сөз арбын. Анын эмгеги кыргыз элинин жүрөгүндө түбөлүккө сакталат деп ишенемин. Ал кишинин көзү өткөн соң анын ысмын түбөлүккө сактап калуу максатында өзү туулуп- өскөн айылындагы «Жал» совхозуна Т. Кулатовдун ысмы берилсин деп ошол кездеги Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин биринчи катчысы А. Масалиевге, Кыргыз ССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун Төрагасы Т. Акматовго элдин атынан арыз жазып кайрылдым. Арыз оң чечилип, аксакалдын ысмы чарбага коюлду. Дагы бир айта кете турган сөзүм —ар кандай жетекчи Төрөбай акеден үлгү алып иштесе жаман болбойт эле деген ойдомун. Анын ак ниеттиги, ак көңүлдүгү, чынчылдыгы, чыныгы элдик адам экендиги түбөлүккө сакталып кала бермекчи.

**Жумабай АМАНБАЕВ — чарбанын мурабы.**

— Жетимишинчи жылдардын жаз айы эле. Совхоздун борбордук клубунда жазгы талаа жумуштары жана өткөн чарба жылынын жыйынтыктары боюнча маселелер каралып, чогулуш жүрүп жаткан. Залдагы отургучтардын бирөө да бош эмес. Жетишилген ийгиликтер жана кетирилген кемчиликтер жөнүн-



дө курч сөз жүрдү. Отузга жакын киши президиумдан орун алган. Алардын катарында мен да эң четте отурам. Жанымда да гы бир отургуч бош. Чогулуш да чегине жетип, аяктайын деп калганда президиум тараптагы каалгадан күтүүсүздөн Төрөбай аксакал кирип келди. Баарыбыз жапырт ордубуздан тура калдык. Чогулушту башкарган совхоздун деректири Төрөбай акеге кызыл үстөлгө отурууну таклиб этти эле, ал залдагыларга элпек баш ийкей саламдашты да, менин жанымдагы бош отургучка көчүк басты. Менин жаныма жайгашкандыктан кол алыша учураштым. Чогулуш улантылды. Төрөбай аксакал чогулуш тууралу менден үнүн акырын чыгара сурап отурду. Мен анын суроолоруна толук жооп бердим.

Жыйындын акырында Төрөбай аксакал сөз алды да, узак сүйлөдү. Ошол күн ушул кезге дейре көз алдыман кетпейт. Анын коңур да, салмактуу да үнү отургандарды сыйкырлагандай өзүнө буруп алды. Ал сөзүн: «Айланайын эл журт! Кагылайындар!» —деп баштады. Кыргыз Жумуриятында болуп аткан жумуштарга, алдыдагы айкын максаттарга кең кесири токтолду. Эл кызыккан суроолорго жооп берди.

Чогулуштан чыккандан кийин Төрөбай аксакал айылдын түштүк тарабындагы Туура-Кырга, Гевзан toосуна бир кыйлага дейре түнжурагандай ойлуу карап турду. Кыялында бала кезин кокту- колоттордон, тоонун этектеринен, бадалдардын арасынан издеп атты окшойт. Чамамда, ошол жерлер ага өтө эле ысык, өтө эле назик көрүнөт окшойт?! «Туулган жердин топурагы алтын» деген сөз бекеринен айтылбаса керек» деп ойлодум ошондо.

**Эсенали САЙИТОВ —чарбанын мурдагы деректири, пенсионер, эмгек ардагери.**

— Ушул Төрөбай Кулатов атындагы совхоз уюшулгандан тартып, он жылдан ашык убакыт бою деректир болуп иштедим. Анан пенсияга чыктым. Ошондо чарбанын экономикасы нөлдөн башталды. Буга чейин чарба «Көк-Жар» совхозунан бөлүнүп, «Жал» совхозу деп аталган эле. Чарбанын уюштурулушуна, өрөөндүн бир чарба болушуна Төрөбай аксакал да бараандуу салым кошкон. Совхоз уюшулгандан жарым жыл өтүп-өтпөй бир курдай Төрөбай аксакал келип калды. А кишинин айылга келгенин кээде эч ким билбей калчу. Шаан-шөкөт менен тосуп алуу же узатуу дегендердин болгонун байкабадым. Тек гана келип, тек гана кетчү. Ал айылга келгенде көбүнчө бир тууган агасы Атабек акеникинде турчу. Учурашканы келген айылдаштарын жылуу маанайда тосуп алчу. Ал дайыма бирге ойноп чоңойгон курдаштары Бороон, Мойдун, Таабалды жана Жээн-

бай акелерди чакыртып алып, алар менен көпкө дейре маектешип отурчу. Балалык кездерин эске түшүрүп, чер жазчу. Келгенинен пайдаланып калуу, жаңы чарбанын муктаждыктарын билдирүү үчүн мен да барчуумун.

Бир жолу чарбалык жумуштардын жүрүшүн тескеп, баш адистерди ишке чегерип, Төрөбай аксакалга атайын жолугуу үчүн Атабек акеникине бардым. Күн шашке маал эле. Атабек акенин короосуна кирсем, Төрөбай аксакал палтосун желбегей жамынып, айбандын түркүгүнө жөлөнүп, ойлуу туруптур. Мен шагдам салам айта көрүштүм. Ал- абалды сурашкан соң ичкери кирдик. Даам сызып, чай ичип олтурганыбызда «Жигит, иштериң кандай? Жаңы чарбанын жумуштары жанданып жатабы?» деп сурады. Мен учурдагы иштер, келечектеги максат тар жөнүндө шашпай айтып бердим. Аксакалдын кебиңди бөлбөй, сөз кыстарбай, өтө кунт коюп угуп отурганы мага абдан жакты. «Жакшы, айткан ойлоруң келечекте турмушка ашса дурус болгудай, жигит! Ар иштин өз мезгили, өз орду болот. План ченемдүүлүк менен баштап, жыйынтыгында пайда келтирерлик аракет жасоо зарыл. Чарбанын ар бир тармагын мыкты билген, жетектей ала турган баш адистерге да тыкан көңүл буруп, аларга өз алдынча иш жүргүзүшүнө жол берүү абзел. Ийгиликтин жаралышы кадрларга байланыштуу болоорун турмуш көрсөтүп жатат» деп Төрөбай аксакал көп маселелерге турмуштук тажрыйбаларга мисал келтирүү менен токтолуп, мага пайдалуу да, маанилүү да кеңештерин айтты. Азырга чейин анын айкөлдүгү, дасыккан насаатчы экендиги күнү бүгүнкүдөй жадымда турат.

Төрөбай акенин берген маанилүү кеңештери, багыттары, нускалуу кептери кулагыма кумдай куюлуп, салмактуу коңур үнү мага дале угулуп тургансыйт. Эсимде, айылга дагы бир ирет келгенинде мени жанына отургузуп алып айткан кеби: «Эсенали, иним! Баштан көп иштер өттү. Кызматтын үзүрүн да, жазырын да көрдүк. «Жалгыз дарак токой болбойт» дегендей, адам эл менен адам. Андыктан калктын калың катмарында бол! Улуубу, кичүүбү сылык мамиле жаса, койгон талабын, арызын орундатып, көңүлүн алууга, оор жүктөн арылтууга көмөктөш болуу парз. Адамдардын баары бирдей. Биринен экинчисин өйдө койбоо, ажыратпоо, бирдей кароо — жетекчинин, элдин бапында турган инсандын ыйык милдети. Элдин жакшылыгы болобу, жамандыгы болобу бирдей аралашып, кубанса кубанып кайгырса кайгырып, тең орток болууга далалаттанган киши гана жетекчи боло алат. Ушуларды көңүлдө бек тутуп, күндө-



лүк практикалык ишинде колдонгон жетекчинин иши илгерилеп, ийгиликтерге жетишет...» Эми ойлоп, анын айткан сөздөрүнүн данегин чагып көрүп, Төрөбай аксакалдын чыныгы даанышман киши экендигине таң берем жадымдан.

1977-жылдын жаз мезгили болчу. Айыл чарба өнөктүгү өтө кызыган. Кайсы тарапка барбагын, эмгек толкуну өкүм сүрөт. Жумуш кайнаган жерлерди кыдырып, түшкө маал кеңсеге келдим. Кабинетиме кирип, эми эле отурганымда телефон шыңгырады. Катуу шыңгырады. Трубканы кулагыма тозсом, телефончу кыз: «Совхоздун деректирибиси? Сиз менен Москва — Кремл сүйлөшөт» десе болобу! Чалкамдан кулап түшө жаздабадымбы! Анан өзүмдү токтотуп: «Кремл сүйлөшсө, КПСС Борбордук Комитетиненби? Менин аларга кандай керегим бар экен? А сүйлөшө турган ким болду экен?..» деп жадымда өзүмө-өзүм тердеп- тепчип суроо берип атканымда «Алло, алло, «Жал» совхозубу? Бул ким?» деген кыргызча так сүйлөгөн үн жаңырды. «Мен Төрөбаймын, Кулатовмун. Айылдагылар аманбы? Биринчи июнь күнкү Жал өрөөнү менен Кызыл -Кыя шаарында сел жүрүптүр деп уктум. Зыян көппү?» деп Төрөбай аксакал бөөдө кырсыктан болгон кыйынчылыктарды сураштырды. Экөөбүз он мүнөттөн ашыгыраак сүйлөштүк. Мен анын бардык суроолоруна жооп бердим. Акырында ал мындай деди: «Эсенали иним, убакыт таап Кызыл-Кыяга барсаң, үйү сайдын боюнда эле, менин бир кенчи, эски шахтер Абдыразак деген досум бар, ошонун абалы кандай экен? Үй-жайы, бала -бакырасы аман бекен? Сурап койчу!» Ал менден ушинтип өтүндү да, аманчылык тилеп коштошту. Ошондо менин маанайым бир кыйла эле көтөрүлүп калды. Анткени, ал киши бул өтүнүчүн Кызыл-Кыя шаардык комитетинин биринчи катчысына айтса деле аткарат болчу да!

Көрсө, Төрөбай аке ошол учурда Москвада экен. Жылына бир жолу бир ай СССР Жогорку Кеңешинин Президиумунун төрагалык милдетин аткарат тура. Мен ошондо Абдыразак аке жөнүндө ойлондум. Анан ага атайын барып кабар алып, ал-абалын сурап, Төрөбай акенин саламын айттым. Аябай кубанды аксакал. Төрөбай акеге ыраазы болгондугун жадыраган жүзү билдирип турду. Ал киши да кийин маркум болду. Аны мен да жакшы билет элем. Пенсиядагы карапайым карыя болчу. Төрөбай аксакалдын бир кезде чогуу иштеген курдашын эстегени элдин «эски дос эстен кетпейт» деген накыл кеби кынтыксыз, айныксыз айтылган тура!

Кыскасы, Төрөбай Кулат уулу тууралу айта берсе кеп түгөнбөйт, жаза берсе кагаз түтпөйт. Ал адамдын асылы да, туйгуну да эле...

# КУЛАТ УУЛУ ТӨРӨБАЙ

## ПОЭМА

Ак булут челген зоо башын,
Ак бермет жапкан
тоо-ташын.
Адамды тарткан өзүнө,
Асыл жер нагыз чын
Жалым.
Кыз-жигити ырга бай,
Кыйындар чыккан бир
далай.
Кулпурган жерде
төрөлгөн,
Кулаттын уулу Төрөбай.

Асманы ачык чайыттай,
Адыры алтын, данга бай,
Абасы жанга жагымдуу,
Суусу тунук акактай.
Чар тарабы кулпуруп,
Өзгөчө көркөм, абад жай.
Кутмандуу жерде
төрөлгөн,
Кулаттын уулу Төрөбай.

Тоосунда улар түнөгөн,
Торгоюу таңда үндөгөн.
Ажарын ачып аймактын,
Алмасы жазда гүлдөгөн.
Айтылуу кооз аймакта,
Кулаттын уулу төрөлгөн.
Ак бата берип кутман эл,
Ак бешикке бөлөгөн.
Көйкөлгөн эгин түзүндө,
Карк болот күздө түшүмгө.
«Ак төөнүн» карды
жарылып,
Береке толот күзүндө.
Ак кайрак дандын мекени,
Асылым Жалдын өзүндө.
Төрөбай аке төрөлгөн,
Кутманым Жалдын
төрүндө.

Кызыл-Кыя, Апшыр-Сай,
Таш көмүрдөй кенге бай.
Сурма, сымап катылып,
Сырдуу жатат казылбай.
Соксо жели сыдырым,
Жыты аңкыган атырдай.
Кекилиги, булбулу,
Сайрай берет басылбай.
Ажайып жерде туулган,
Кулаттын уулу Төрөбай.
Атадан эрте ажырап,
Азапты тартты Төрөбай.
Жетинбей жакшы кийимге,
Жетим өстү Төрөбай.
Энеден эрте ажырап,
Эзилип өстү Төрөбай.
Запкысына турмуштун,
Чыдап өстү Төрөбай
Ар кимдин иштеп
жумушун,
Алсырап өстү Төрөбай.
Курсагы тойбой тамакка,
Кубарып азды Төрөбай.
Шахтага түшүп күнү-түн,
Көмүр казды Төрөбай.
Эмгекте бышып эшилди,
Кужурмөн болуп жетилди.
Ошол жылдар ал үчүн,
Бир кылымдай сезилди.
Колунан түшпөй күрөгү,
Тонналап көмүр жүктөдү.
Жүрсө да жердин түбүндө,
Жүүнү бошоп чөкпөдү.
Алп мүчөлүү Төрөбай
Эмгектин болду өктөмү.
Тоо тегин көзөп бургусу,
Тереңдеп кирди өткөөлү.
Кайрат, күч ташып
турганда,
Кулпурду жаштык көктөмү.



Түпкүрдүн ачып
сырларын
Жер асты болду түнөгү.
Устундар сынса качырап,
Солк этип койбой жүрөгү,
Тоодой көмүр жүктөдү.
Маңдайдан бермет тер
агып,
Чарчоону такыр билбеди.
Турмуштун ачуу,
татуусун,
Таразалап иргеди.

Шпурду терип лавага,
«Кара алтынды»
жардырды.
Тирөөч коюп бекемдеп,
Темир жол улам салдырды,
Тоскоол болгон көмүргө,
Тектерди койбой алдырды.
Зым тартып улам
тереңдеп,
Электр шамын жандырды.
Эки эсе берип
көмүрдү,
Эсебин дайым ашырды.

Колунда болот кайлосу,
Курдашындай сезилди.
Ажырагыс, санаалаш,
Сырдашындай сезилди.
Ай балтасы күрөгү,
Теңтушундай сезилди.
Жер астында жетилткен,
Бургусундай сезилди.
Шахтер болуу турмуштун,
Уңгусундай сезилди.
Жердин астын Төштүктөй,
Кезип чыкты Төрөбай.
Маңдай терин мончоктой,
Төгүп чыкты Төрөбай.
Таш көмүрдүн асылын,
Терип чыкты Төрөбай.
Кайрат менен кажыбас,
Жеңип чыкты Төрөбай.
Эмгегинен таанылып,
Элге жакты Төрөбай.
Кадыр таап калкынан,
Урмат, сыйга алынды.
Ак эмгектин артынан,
Ала-Тоого таанылды
Катардагы жумушчу,
Кадырманга айланды.
Жөпжөнөкөй жаш тоочу,
Жетекчиге айланды.
Төп келип элдин көөнүнө
Бийликтин өтүп төрүнө,
Төрагалыкка шайланды.
Кыргыз жерин кыдырып,
Көрүп чыкты ашыкпай.
Эл турмушун үйрөнүп,
Кемчилигин аныктай.
Калкка болгон мээрими,
Оргуштады булактай.
Жуурулушуп журт менен,
Жүрдү эч бир тынч
жатпай,
Бардык дитин багыттап,
Максатынан эч кайтпай.

Карап жүрдү кайрылып,
Кары картаң, жесирге.
Колдон келген жардамын,
Келди берип жетимге.
Ыраа көрбөй ал тосту,
Жамандыкты эч кимге.
Кара кылды как жарган,
Калыс турду бүт элге.
Сүткө чайкап койгондой,
Кызмат кылды ак дилде.

Кырк эки жыл жылбастан,
Кыргыз элин башкарды.
Тоо тештирип, жол куруп,
Тоодой ишти аткарды.
Отуз-Адыр, Чоң-Чүйдүн,
Каналдарын каздырды.
Фабрика, заводдор,

**Ишканалар салдырды.**
ГЭС, ТЭЦтерди иштетип,
Электр шамын жандырды.
Элге арнап бар күчүн,
Ак иштеди Торобай.
Журттун койгон талабын,
Так аткарды Торобай.
Бүт улутка тең карап,
Калыс болду Торобай.
Уруу, жикке бөлбөстөн,
Тең карады Торобай.
Чачылганды жыйнады,
Кичүүлөрдү ызаттап,
Улууларды сыйлады.
Эл кубанса кубанды,
Эл ыйласа ыйлады.
Ала-тоолук кыргыздын,
Ак батасы алкады.
Эл башчысы аталып,
Санжырага айланды.
Алтын тарых бетинде,
Түбөлүккө ал калды.
Торобайдын ысымын,
Таанылбаган эл барбы?!
Көзү өтүп кетсе да,
Кезип жүрөт ааламды...

# КӨРГӨН КҮНДӨН БИР ҮЗҮМ

Торобай акеден тартынбай сурадым,
Бала чакта жашап өткөн убагын:
— Кыйла жылды өтөп келе жатасыз,
Айтыңызчы азыноолак кеп кылып,
Өзүңүздөн угайын деп турамын.

— Ээ, иним, өмүр жолум сурадың,
Бек катылган сөз келебин чубадың.
Кулак төшө, бир аз айтып берейин,
Анда менин тогуз жашар курагым.

Кышта чокой, жазындасы жылаң бут,
Курсак ачка, алсырап биз жүрчүбүз.
Башбакпастан ар бир үйдөн качып кут,
Кайгы менен капалыкты сүрчүбүз.

...Замана тумандуу, суз тартып,
Замана өстүрбөй өлтүрүп,
Замана шордууга жүк артып.
Замана кызартпай саргартып.

Очоктор оту жок, өңү өчүп,
Олтурбай бир жерге журт көчүп.
Баш оогон жактарда жүрүштү,
Байкуштар ач белде түнөшүп.

Азыр деле кээде ойлоп өзүмчө,
Каргашалуу кара доорго сүңгүймүн.
Анда адамдар керте тиштеп бармагын,
Бир токочко алмаштырган үй-мүлкүн.



Кайран гана канча инсан көз жумду,
Турмушунда зар, муң тартып миң түркүн.

Опурталдуу доорго мен туш келип,
Ойго батам, обдуламын кыйналам.
Чогуу болбой чачылышкан жер кезип,
Оо, өткөнкү урпактарга сыйынам.
Кара оокатка сайып коюп өмүрүн,
Жүрөк сыздайт муңдуу кошок, ыйынан.

Тарых күбө өткөн доор, заманга,
Топук күтүп жаратканга жалбарган.
Тартынбаган жанын күм-жам кылганга,
Теңирлерге баш сообалап алпарган.
Таш молодой талааларда калышты,
Таалай издеп ач-жылаңач сан миң жан.

Өткөн доор өттү, кетти тозоктой,
Өксүк толуп кучагына сыйбаган
Өкүмдарлар өкүмдөрүн мокотпой,
Шордуулардын канын соруп кыйнаган.
Шоодокондун бүркүтүндөй жутунуп,
Төбөл, бийлер өз курсагын сыйлаган

Карт тарыхтын ачар болсом барагын,
Калчылдаймын калктын көргөн күнүнө.
Канча заман өттү арадан санагын,
Кайрылбаптыр кедейлердин бирине,
Каршы чыкса өкүмдарга кокустан,
Кызыл чокту басышыптыр тилине.

Жаны кейип бир жашоодон жабыркап,
Өлүмгө да ыраа көргөн баштарын.
Жылаң аяк төрт мезгилде «ташыркап»,
Эскере албай өткөн өмүр жаштарын.
Ойдо сактап айтып жүрөр кубаныч жок,
Азап менен өткөрүптүр бүт баарын.

Айта берсе узун жомок болчудай,
Өткөн доор икаясы бүтпөгөн.
Обур келет таш көмүрдүн чогундай,
Төбөлдөрдү туңгуюкка бүктөгөн.
Өткөн заман жаңы доорго алмашып,
Татаал, бирок оор жүгүн жүктөгөн.

Ушул доор куунак өмүр сапары,
Улуу максат сересине аттанган.
Улам өсүп адамзаттын катары,

Жаңы тарых барагына катталган.
Тынчтык, бакыт, теңдик деген ыйык сөз,
Ар бир адам жүрөгүндө жатталган.

Эчен эрлер үрөп күчүн эл үчүн,
Кан төгүштү, кармаштарда жан берди.
Тик турушту күрөштөрдө жалтанбай,
Келечекке — алга сүрөп бүт элди.
Түбөлүккө күйгөн отко сыйынып,
Эскеришип эрдиктерди эл келди.

Азаматтар элди алга сүрөдү,
Акыйкаттын сересине багыттап.
Артта калбай сабыбызда жүр деди,
Ар-намысты адалдыкка багыштап.
Кара чүмбөт улам артка түрүлдү,
Жаңы доор таңы атты агыштап.

Кедей жашы кайтты, мундан арылды,
Теңдик заман бактыбызга туш келип,
Келечектин кенен жолу салынды,
Тоскоолдорду бөгөт болгон бүт жеңип.
Акыйкаттын заманасы орноду,
Ар бир жанга кубат берип, дем берип.

Дыйкан менен жумушчулар кошулуп,
Ажырагыс бир бүтүнгө бирикти.
Жаңы доор пайдубалы коюлуп,
Бек орнотту эл көксөгөн бийликти.
Кулач жайып чоң курулуш, гиганттар,
Ээлеп калды көз жетпеген бийикти.

Заман жаңы, жашоо жаңы, эл жаңы,
Башка күндүн кучагында биз бүгүн.
Тоолор жаңы, токой жаңы, жер жаңы,
Аркалаган элдин көйгөн зор жүгүн.

Ак эмгектен асыл иштер жаралды,
Илим өстү, техника өстү кыналып.
Ай-ааламга анын даңкы таралды,
Кыйын кезең күндөрдө так сыналып.
Улам жаңы ачылыштар ачылды,
Илим күчү бара-бара чыңалып.

Доорлордун, мезгилдердин бардыгы,
Азыркынын бир күнүнө татыбайт.
Кеп көп, иним, жүрөгүмдүн дагы эле,
Туз куйгандай ачышканы басылбайт.



Көргөн күнүм эски доордо кыскасы,
Капа болбо, иним, айтып нетейин.
Уландысын улабайын укпачы,
Мен көргөндү көрбөгүлө, кетейин...

# Аксакалдын аздектеген жерлери

## ЖАЛЫМ

Төрөлүп өзүңдө,
Торолду жаным.
Түбөлүк жүрөккө,
Түнөгөн Жалым.

Көйкөлүп өскөн,
Мажүрүм талың.
Күн өткөн сайын,
Жашарган Жалым!

Гүлдөрүң жайнаган,
Күлүңдөп сан жеткис.
Көркөмүң ажайып,
Көңүлдөн түк кеткис.

Балалык кезим,
Нариисте сезим.
Өзүңдө калды,
«Жоготпойм» дедиң.

Кулаган ылдый,
Булагың шылдыр.
Адырың бойлоп,
Чабыттайт кыйгыр.

Жаштарың шайыр,
Кыздарың сулуу.
Туулган жерим,
Баарыдан улуу.

Асманың тунук,
Жаркыган Күнүң.
Ай калкыйт көктө,
Жылдыздуу түнүң.

Жүрбөйүн кайда,
Болсом да Айда.
Кыялым эргип,
Көңүлүм Жалда.

Тоолоруң бийик,
Оттогон кийик.
Көк кашка мөңгү,
Сууларың ийип.

Соккон бир сайын,
Жүрөктө жаным.
Баркыңа дайым,
Жетемин Жалым.

## АПШЫР-АТА

Айтылуу коноздугуң бир башкача,
Аңкыган жыпар жыттуу абаң таза.
Аздектеп жүрөгүмдөй жакын көрөм,
Асыл жер, Ата-Журтум — Апшыр-Ата.

Куштарың кубулжутуп сайрап жатса,
Сууларың көбүктөнүп толкуп акса,
Кыялды көколөтүп, эргүү берип,
Сезимди ойготосуң Апшыр-Ата.

## ШАРКЫРАТМА

Жакуттай жалтылдаган тамчыларың,
Төгүлөт бийиктиктен маржан болуп.
Шаркырап агып аткан добушуңдан,
Айлана аземденет шаңга толуп.

Шаркыратма шарыңа маашырланып,
Жыл сайын зыяраттап келип кетем.
Кайтаарда мен өзүңдөн кубат алып,
Өзүмдү бир укмуштай сергек сезем.

Агылат атырылып боюн таштап,
Боорунан типтик аска чегилгендей,
Артына чачын жазып койгон таштап,
Ак жибек көйнөк кийген келиндердей.

Жергемдин көркү сенсиң кумарланткан,
Ага бер, соолубагын демеп, ийип,
Маржандай тамчыларың чачыратып,
Атырыл шарың күчөп дагы бийик!

## КЫЗЫЛ БУЛАК

Асмандын түркүгү өңдөнүп,
Аскалар көк тиреп чалкалайт.
Аңкыган жыпар жыт буруксуп,
Көк шибер көйкөлүп жайкалат.

Чарчаган, чалыккан денемди,
Сергитип жүрөккө шат берет.
Шибердүү жапжашыл жайыкта,
Бөбөктөр куушуп гүл терет.

Бак-дарак жапжашыл кийинип,
Ажары аймактын ачылган.
Тээ беттер, көк майсаң, түркүн гүл,
Аянам аралап басыштан.

Көркүңө элжирейт жүрөгүм,
Көз тойбойт суктанып карасам,
Жаралган ажайып шунчалык,
Кыдырып аймагың баратам...



## БАК-АРЧА

Жазданышкан аскалары ак карды,
Чокулары көтөргөндөй асманды.
Жыпар жыты сиңип калган каныма,
Бак-Арчадай чынын айтсам жер барбы?

Жылгасында жылкы оттойт күтүрөп,
Тескейинде бадам гүлдөп бүчүрлөйт.
Карагатын, бүлдүркөнүн, чиесин,
Барган терип түгөтүүгө үлгүрбөйт.

Арчаларың бирөө тигип кеткендей,
Бак өңдөнүп тегиз өскөн бип-бирдей.
Арасында жүрсөң кечке аралап,
Көлөкөлүү, саябандуу күн тийбей.

Тиш какшатат тунук суусу жайында,
Көбүктөнүп күкүктөнөт сайында.
Сыйганыңда кучагыма Бак-Арча,
Жүрөт элең дайым менин жанымда.

## ТУУРА-КЫР

Тескейиң жашыл бадал,
Арчалар өсүп турган.
Үн безеп түрдүү куштар,
Үркпөстөн оюн курган.

Жылганда жылып ылдый,
Булагың бийлеп аккан.
Ээрчитип чаарчыгын,
Элигиң эркин баскан.

Туура-Кыр бир көргөндү,
Өзүнө тартып алган.

Аралап беттериңди,
Жаштыгым сенде калган.

Уларың, кекилигиң,
Сайрашат черди жаза.
Булагың түйлап аккан,
Кашкайып тунук, таза.

Туура-Кыр — сымбаттуу кыр,
Бек каткан ичине сыр.
Тескейиң толгон жемиш,
Күнгөйүң түгөнгүс ыр.

## ДОЛОНО-ЖОН

Сеңселет желге ыргалып,
Жапжашыл дарактары.
Долоно өскөн жондун,
Бир укмуш чар тарабы.

Карасаң кырга чыгып,
Көрүнүш бир ажайып.
Өрөөндүн теребели,
Мемирейт кулач жайып.

Селкидей эрке желиң,
Соккондо жондон төмөн.
Көтөрөт делебемди,
Мөлтүрөп бышкан мөмөң.

Долоно-Жонду көрсөң,
Айтасың: «бейишпи?» деп,
«Табигат жалдыктарга,
Тартуулап берипии?» деп.

## САНДАЛ-ТОО

Сандал-Тоо — жылаңач тоо, урчук таштуу,
Келген жан оюн куруп, көңүл аччу,
Керилген чыгыш жактан батыш жакка,
Тоо тура эрмени көп эчки бакчу.

Саялап отурууга дарагы жок,
Шылдырап же бир аккан булагы жок.
Секирип таштан-ташка боюн таштап,
Эчкилер оюн салат улагы жок.

Сандал-Тоо — көрктүү тоо, бийик, сындуу,
Көрүнөт көзгө дайым өтө жылуу.
Жайкалып өсүп турган тулаңы жок,
Ал эми малы семиз, кызы сулуу.

## АПШЫР-САЙ

Алпештеп баккан апамдай,
Ак пейил, ай көл атамдай.
Адырың жашаң шибердүү,
Аңкыган жыты атырдай.
Арчасы өскөн зыңкыйып,
Алп мүчөлүү баатырдай.
Асылы жердин укмуш ай,
Ажайып аймак Апшыр-Сай.

Күркүрөп аккан дайрасы,
Калкына тийген пайдасы.
Көңүлдү көккө эргитет,
Көйкөлгөн эгин талаасы.
Картайган жанга дем
берет,
Керемет салкын абасы.
Кабылсаң кокус ооруга,
Табылат мында дабаасы.

Жүрбөйүн кайда эсимде.
Жүрөсүң дайым сезимде.
Жалбызың искеп отурам,
Жан сергип салкын
жээгиңде.
Жаралып калган экенсиң,
Жамалың жаркып
жергемде
Кучагың жая тососуң,
Сагынып сага келгенде.

## С А К А Л Д Ы

Сонун жер биздин Сакалды,
Айланып келип көргөнгө.
Жайнаган коон, дарбызы,
Койгондой байлап көгөнгө.

«Жеп кетиң» деп сунушат,
Өз, жат дебей келгенге.
Кырмызы, сары жүзүмү,
Ийилип шакта мөлтүрөйт.



Ээрчитип келип жубайын,
Кыздары күздө төркүлөйт.
Адамдар абдан сыпайы,
«Сиз» деген сөздү угасың.

Мажүрүм талдар
сүлкүлдөйт,
Суктана карап турасың.

## К А П Ч Ы Г А Й

Кыйкырсаң атчан баратып,
Жаңырат аска, таштары.
Тийгендей Күнгө сайылып,
Тикчийет тоонун баштары.

Алдастап суусу
шаркырайт,
Көбүгүн чачып кашатка.
Кабагын бүркөп күн көктө,
Дыбырайт жамгыр заматта.

Агылып муздак сыдырым,
Жалбызды назик жапырат.

Ыргагы менен акырын,
Ыргалып бийлейт
жалбырак.

Киргенде суусу удургуп,
Агызат ташты кулатып,
Жемирип кээде жээкти,
Жыгытат талды сулатып.

Капчыгай ичи ажардуу,
Көркөмү укмуш сезилет.
Көңүлдү буруп эрксизден,
Кызыктар мында кезигет...

## КАШКА-СУУ

Кышта акпай тыныгып,
Жатат жымжырт мемиреп,
Жаз келгенде ойгонуп,
Кунан тайдай элирет.
Жалбыздарды жапырып,
Жээктерди кемирет.

Алдас уруп ашыгып,
Алга карай зымырайт.
Жээктерди желпиген,
Жалбыз укмуш буркурайт.
Күрп-күрп акса чамынып,
Кулак-мээң чуркурайт.

## ТОО КӨЛҮ

Тикчийет чоку
Асманды көзөп.
Токумдай булут
Жамгырын төгөт.

Шапата согот
Капчыгай өрдөп.
Мекендейт мында,
Ак чардак, өрдөк.

Тоо көлү толкуйт
Токтолбой тыным.
Айтамын дегендей
Ичтеги сырын.

Көркүңө көлүм
Куштармын өзүм.
Кайтарда тилеп
Кайрылган сөзүм:

— Аман бол дайым,
Соолбо такыр.
Сууңду булгап,
Кечпесин бакыл.

Келгин куштар
Көбөйсүн келип.
Төлдөсүн, өссүн
Тоо эчки, элик!

## МАЗМУНУ

Түбөлүккө калган ысым 3

Аксакалдын аты коюлган чарбада 7

Кулат уулу Төрөбай жөнүндө айылдаштарынын эскерүүлөрү. 14

Кулат уулу Төрөбай (поэма) 22

Көргөн күндөн бир үзүм 24

Аксакалдын аздектеген жерлери 27

**Редактору Токтобай СУЛАЙМАНОВ**


**Корректору Муктар МАМАТАЛИЕВ**

Терүүгө 2.11.1992- ж. берилди. Басууга 28.01.1993- ж. кол коюлду. Кагаздын форматы 60x84 1/16. Нускасы 7000 2 учеттук басма табак. Буюртманын № 6351. Баасы эркин.


Кыргыз жумуриятынын жазуучулар Биригинин Ош дубандык бөлүмүнүн алдындагы «Жазуучу» чакан ишканасы. Ош шаары, Ленин көчөсү, 312.

---

Ош дубандык басмаканасы. Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209.



Ж. Бөкөнбаев атындагы орто мектеп. Чарбанын эмгекчилеринин балдары билим алышат.



Чарбанын кеңсеси.